**Канаданын Премьер-министри**

**Джастин Пьер Джеймс Трюдо мырзага**

**Урматтуу Джастин Трюдо мырза!**

"Кыргыз Республикасынын Коррупцияга каршы аракеттенүү кеңешинин", "Туура Кадам" Коомдук Бирикмесинин, "Кыргызстан лидерлери" бейөкмөт уюмунун, "Жаңы Муун" Коомдук фондунун атынан жылпы кыргыз эли жана Борбордук Азиянын калкынын активдүү бөлүгү сизге кайрылуу жолдойт.

Бүгүнкү кундөгү экологиялык абалдын бузулушу, кылымдардан бери бүтүндөй Борбор Азия элин таза ичүүчү суу менен камсыз кылган тоо ландшафттарынын жок болуп кетүү жана дарыялардын агымынын булгануу коркунучуна алып келди. Учурда пайда болгон глобалдык мүнөздөгү кырдаал Борбор Азиядагы мөңгү жана тоолордун сакталышына түздөн-түз байланыштуу. Бул кайрылуу аркылуу, кандайдыр бир тараптардын ортосунда талаш-тартыш жарата турган маалыматтарды көрсөтүп берүү кызыкчылыгы каралган эмес. Ошондой эле, жеке уюмдар же патиялар үчүн жеңилдиктерге жана артыкчылыктарга ээ болууга да багытталган эмес.

Биздин кайрылуубуз инвестиция жана пайдалуу кен байлыктарды иштетүүнүн шылтоосу астында аймактык башкаруу кызматтары менен эл аралык корпорацияларынын коррупциялык системаны орнотуу фактыларын, Кумтөр Eath@Enviromental Company (AMEC) жана америкалык Enviromental Resources Management компаниясынын (ERM) экологиялык экспертизасын жүргүзгөн эл аралык уюмдардын корутундулары, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мамлекеттик коммисиясынын 2012-жылдан 2021-жылга чейинки текшерүүлөрүнүн жыйынтыгы көрсөткөндөй, калктын жана мамлекеттин келечегине коркунуч келтирип, бүтүндөй континенттин климатына терс таасирин тийгизип жаткан фактыларды ачык көрсөтүүгө багытталган.

Бардык өлкөлөр дүйнөлүк коомчулуктун алдында турган эки көйгөй менен күрөшүп жатышышат: Биринчиси - коррупцияга каршы, экинчиси – жергиликтүү, ошондой эле глобалдык масштабда калктын жашоо сапатына таасир этүүчү айлана чөйрө, экологияны коргоо маселеси. Мындан улам, көпчүлүк өлкөлөр өз мыйзамдарына "Эл аралык коммерциялык келишимдерди түзүүдөгү чет элдик аткаминер чиновниктердин коррупциялык иш аракеттерине каршы күрөшүү" Конвенциясынын талаптарына ылайык өзгөртүү киргизишкен. Мисалы, Улуу Британиянын мыйзамында коррупциялык кылмыштарга чегерилген айып пулдун өлчөмүнө чек коюлган эмес, ал сот органдары тарабынан белгиленет. Андан сырткары, 10 жылга чейин эркинен ажыратуу жазасы каралган. Жоопкерчилик бир гана пара берүүчүгө эле эмес, ал кызмат көрсөткөн компанияга да жүктөлөт, б.а., мыйзам компанияга байланыштуу бардык субъектилерге, анын ичинде биргелешкен компанияларга да тиешелүү. Ошондой эле, Улуу Британияда каттоодон өтүп, өлкө ичинде жана чет өлкөлөрдө иш алып барган юридикалык жактар, Улуу Британияда катталбаган,

бирок анын аймагында иш алып барган компаниялар бул мыйзамга бирдей баш ийишет.

Канада - дүйнөдөгү өнүккөн демократиялык өлкөлөрдүн бири катары, өлкө ичинде жана чет өлкөлөрдө коррупцияга каршы чараларды көрүп жатканы жалпыга маалым. Канада өкмөтү Кыргыз өлкөсүндө, мамлекеттик органдардагы коррупцияга каршы күрөшүүгө багытталган CFLI (The Canada Fund for Local Initiatives) долбоорлорун ишке ашырып келет. Кыргыз Республикасынын коррупцияга каршы аракеттенүү кеңеши жана жарандык сектордогу өнөктөштөр менен биргеликте 2013-2015-жылдары бир катар долбоорлорду ишке ашырууга активдүү катышкан. Мындан улам, Канада өкмөтү коррупция жана ага каршы күрөшүү маселелери боюнча коомчулукка билдирген көз карашына ылайык, эл аралык масштабдагы канадалык компаниянын жемкорлугуна көз жумуп, кайдыгер карабайт деп үмүттөнөбүз.

Адам укуктарын бузган ар бир аракет жана кайдыгерчилик токтотулуп, адам укуктары корголушу керек деп эсептейбиз. Коррупциялык тобокелчиликке алып келе турган жана айлана-чөйрөнү бузган иш-аракеттердин баарына бөгөт коюлушу зарыл. Эсиңиздерде болсо, экологиялык абалга байланыштуу Канаданын Түндүк-Батыш аймагындагы Түштүк Наханни дарыясын ЮНЕСКОнун Бүткүл дүйнөлүк мурастар тизмесине киргизүү демилгесин көтөргөнсүңөр, ошол сыңары кыргыз журтчулугу да Нарын дарыясынын таза сакталышына болгон күч аракеттерин жумшайт.

2019-жылы климаттын глобалдык өзгөрүшүнө каршы күрөшүү алкагында, провинцияларды абанын булгануусун азайтуу боюнча чараларды көрүүгө чакырып, төрт провинцияда көмүр кычкыл газынын нормадан ашыкча бөлүнүшүнө байланыштуу федералдык салык киргизгениңер - Канада өкмөтүнүн экологиялык маселелерге калыс баа бергендигин билдирет.

Биз Кыргызстандын жарандары, Канаданын Премьер-министри сизге кайрылуу менен, Кумтөр алтын кенинин кызматкерлеринин коррупциялык аракеттери үчүн, мөңгүлөргө карата адамкерчиликсиз мамиле жасап, Нарын жана Сырдарыя дарыялары башталган тоонун эң бийик жерлеринде цианид жана башка зыяндуу химиялык заттардын таштандыларын жашыргандыгы үчүн Центерра, анын ичинде Центерранын президенти, компанияда кызмат көрсөткөн Канаданын жарандарына, Канаданын мыйзамдарына ылайык, тийиштүү тергөө жүргүзүп, расмий юридикалык баа берүүнү жана тиешелүү чараларды көрүүнү өтүнөбүз. Жана ошондой эле саат 19-00 убактысында 15-май күнү Центерранын башчылыгы мөңгүлөрдүн жана муздардын жылышын лазердик байкоо компьютердик системасын өчүрүп, тоолу райондордо иштеп жаткан жумушчулардын жашоосуна коопсуз абал жаратышкан.

Жеке сиздин веб-сайтыңыз жана массалык маалымат каражаттары аркылуу, Канада өкмөтүнүн расмий жообун алабыз деп үмүт кылабыз. Биздин кайрылуубузга көңүл бурасыз деп ишенебиз.

Урматтоо менен,

“Кыргыз Республикасынын коррупцияга каршы аракеттенүү кеңешинин” атынан

Муканова Н.А.

“Туура Кадам” Коомдук Бирикмесинин атынан

Сулайман Усенов.

“Жаңы Муун” Коомдук фондунун атынан Талант Нуралиев ______________________

“Кыргызстандын лидерлери” атынан Тилек уулу Мыктыбек ______________________